DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



***ПСИХОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ***
***ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***PSYCHOLOGICAL SCIENCES***

*Досалиева М.М*

## ЭЛДИК ЫНАНЫМДАР- ТАРБИЯ БАШАТЫ

*Досалиева М.М.*

## НАРОДНЫЕ ВЕРОВАНИЯ - НАЧАЛО ВОСПИТАНИЯ

*M. Dosalieva*

## FOLK BELIEFS - TNE ORIGIN OF EDUCATION

*УДК: 37.01+ 39*

*Бул макалада кыргыз элинин балдарды тарбиялоодо каада-салттардын, тыюулардын, ырым-жырымдардын орду жөнүндө, элдин күндөлүк аң сезиминде этностук психиканын жаралышы, улуттук менталитетибиздеги ыйыктык түшүнүгүнүн калыптанышы, анын тарбия процессиндеги мааниси ачыкталып, социалдык нормаларды жана эрежелерди тутунууга, жоопкерчилик сезиминин калыптанышына ар дайым колдонуп жүргөн элдик ишенимдердин орду чоң экендиги айтылат. Кыргыз элинин дүйнө таануусу табийгаттын сырларын өздөштүрүү менен айлана-чөйрөнү те-рең таанып- үйрөнүп, ушул күнгө чейин өздөштүргөн жаратылыш сырларын кийинки муунга өткөрүп берүүсү жөнүндө сөз козголду. Кыргыз элинин жашаган жери тоолу аймак болгондуктан айрым бир кырсыктар, жара-ты-лыштык физикалык, географиялык мыйзамдарынын неги-зинде болгондуктан көпчүлүк элдик психологияда табигый рухка, духка ишенүүнүн пайда болушу ачылып берилди.Элдик тыюулар жана ынанымдар тууралуу айтылды.*

***Негизги сөздөр:*** *каада-салттар, ырым-жырымдар, элдик ынанымдар, нарктуулук, тыюулар, ыйыктык, жаратылыш сырлары.*

*В данной статье раскрывается роль обычаев, запретов и обрядов в воспитании детей кыргызского народа, создание этнической психики в обыденном сознании людей, формирование понятия святости в нашем национальном менталитете, выявлено ее значение в воспитательном процессе, и сказано, что большое место занимают народные поверья, которые всегда используются для соблюдения социальных норм и правил, формирования чувства ответственности. Обсуждалось, что кыргызский народ познает мир, овладевая тайнами природы, глубоко познавая окружающую среду, и передавая освоенные ими тайны природы следующему поколению. Так как кыргызы проживают в горной местности, то в основе некоторых бедствий лежат физические, географические законы природы, и в большинстве народных психологий выявлено зарождение веры в природный дух. Были упомянуты народные табу и верования.*

***Ключевыее слова****: традиции, обряды, народные поверья, ценности, запреты, святость, природные тайны.*

*This article reveals the role of customs, prohibitions and rituals in bringing up children of Kyrgyz people, creation of ethnic psyche in the common consciousness of people, formation of the concept of holiness in our national mentality. Also revealed its importance in the educational process, and it is said that folk beliefs, which are always used to observe social norms and rules, form a sense of responsibility, occupy a large place. It was discussed that Kyrgyz people study the world, mastering the secrets of nature, deeply understanding the environment, and passing on the mastered secrets of nature to the next generation. Since the Kyrgyz live in mountainous areas, some disasters are based on the physical, geographical laws of nature, and in most folk psychologies, the birth of faith in the natural spirit is revealed. Folk taboos and beliefs were mentioned.*

***Key words****: traditions, rituals, folk beliefs, value, prohibitions, sanctity, natural secrets.*

Кыргыз элинин көп кылымдык тарыхында топтолгон тажрыйбаларды жаш муундарды тарбиялоодо ар кандай жолдор менен акыл эсине, жан дүйнөсүнө жеткирип, сиңирип келишкен. Элдик тарбиянын баалуулугун арттырган дагы бир өзгөчөлүк элдин байыртадан келе жаткан бай тажрыйбасынан жаралган эмпирикалык билимдер болуп саналат. Эл өзүнүн жашоо тиричилигин уюштурууга зарыл болгон бардык билимдерди оңдоп-түзөп, андан келип чыккан ой жыйынтыктарды, тажрыйбаларды улам кийинки муундарга өткөрүп берип олтурат. Улуу Кыргыз эли курчап турган табият менен таттуу мамиледе болуп, эриш-аркак жашоонун сырын өздөштүргөн, жаратылыш сырларын өз жашоосуна пайдаланып, табияттын тартибин сактап, Жараткандын мыйзамына баш ийген. Кыргыздардын дүйнө таануусу курчап турган табийгаттын сырларын өздөштүрүү менен айлана- чөйрөнү терең таанып- үйрөнүп, аны жашоосуна пайдаланып, ушул күнгө чейин өздөштүргөн жаратылыш сырларын кийинки муунга тартуулап келе жаткандыгында.

Ар бир этноско тиешелүү болгон жүрүм-турум, каада- салттардын тарбия процессиндеги динамикасын И.С. Кон, Л.И. Маленкова, Ю.В. Бромлейлер изилдешсе, Кыргызстанда бул проблеманы психологиялык багытта Ч.А. Шакеева, Т.А.Коңурбаевдер, А.Закиров, М.Мурзаевдер изилдешкен. Ч.А.Шакеева мезгил талабына жараша жаштардын психикалык бакубаттуулугун жана маанайына өзгөчө көңүл буруу менен кыргыз жаштарынын баалуулук багыттарынын көйгөйлөрүн изилдеген. Ал эми Т.А.Конурбаевдин изилдөөсүндө мектепке чейинки курактагы балдардын баалуулук багыттарын калыптандырууда кыргыз элдик каада-салттардын маңызын жана нарктык-насилдик маанисин ачылып берилген. Т.А. Коңурбаев, кыргыздын элдик каада-салттарынын тарбиялык маанисин жана кыргыз элдик каада-салттарында балага

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



болгон сүйүүсү, кам көрүүсү баса белгилеген. Ал өзүнүн эмгегинде мектеп жашына чейинки балдардагы баалуулуктардын калыптандырууда элдик каада-салттардын, үрп-адаттардын таасири абдан чон экендигин далилдейт [4, 143-б.] А.Закировдун изилдөөсүндө кыргыз элинин жашоого карата күндөлүк аң-сезиминдеги жүрүм-турумдун улуттук маданиятка мүнөздүү стереотиптерди, металитеттерди, имидждерди жана элдин күндөлүк жашоого карата болгон установкаларын изилдеп, кыргыз элинин, башка улуттардан кайталангыс баалуу сапаттарга ээ экендигин негиздеген [3, 47-б.].

Кыргыз элинин дүйнө таанымы табият менен, курчап турган дүйнө менен шерелишкендиктен жаратылыштын сырларын жаратканды улуу күчү катары тааныган. Табияттагы түркүн көрүнүш адамдын турмушу менен ажырагыс экенин түшүнгөн элибиз, ага гуманистик мамиле жасоого чакырган. Экинчиден, мында гуманистик мамиле гана эмес, табиятка туура эмес мамиленинарты жакшылыкка алып барбайт деп ишенишкен да ага астейдил карым-катыш жасоо идеясы ошондон улам калыптанган [7, 203-б.] Ушундан улам Кыргыздарда «Убал» түшүнүгү келип чыгып Жаратылышка зыян келтирбей, жалпы жандуунун убалына калбай, көчүп-консо «Келген жериңден кеткен жериң таза болсун» деген Көчмөн наркы калыптанган! Кыргыздар Жер-сууну, талаа-түздү, тоо-ташты Жаратканды берген белеги деп карап Жер-сууну, Тоо-ташты аздектеп аяр мамиле кылган. Мындан улам - Чөптү жулба, Сууга түкүрбө, Сууну булгаба, Шамалды сөкпө сыяктуу көптөгөн табиятка байланышкан тыйуулар келип чыккан. Жаратылыш-табият кыргыздар үчүн Теңирин таануудагы тикелей курал болгондуктан Жер-Суу, Мазар тайуу маданияты калыптанган [1].

Ушундай коомдук аң сезимдин калыптанышыны улутубуздун басып өткөн тарыхы канчалык ыраак жана бай экендигинен кабар берип, улуттук маданияттын калыптанышынын спецификалык өзгөчөлөнгөн түрүн көрсөтүп турат. Ар бир улут үчүн өз элинин өзгөчөлүктөрүн, каада салттарын ж.б кийинки муундарга берүүсү, ошол улуттун сакталышы катары чоң дөөлөт болуп саналат. Кыргыз улуту жашаган географиялык жер шарты боюнча тоолу аймак болгондуктан айрым бир кырсыктар, жаратылыштык физикалык, биологиялык, географиялык мыйзамдарынын негизинде болгондуктан көпчүлүк элдик психологияда табигый рухка, духка байланыштуу болот деп түшүнүшөт. Ошондуктан элдик жөнөкөй аң-сезим жогорку психикалык негизде түрдүү ырым-жырымдарды, салт-санааларды пайда кылып, элдин этникалык өзгөчөлүгүн башка улуттардан айрымалаган [3, 117-б.].

Элибиздин көөнөрбөс салттары да табияттын сырларына шайкеш келип, муундан-муунга сакталып, ырымдар менен коштолуп, элдин күндөлүк аң-сезиминде этностук психиканын жаралышына алып келген. Кыргыз элине тиешелүү болгон улуттук маданият, инсандык сапаттар, табигый жөндөмдүүлүктөр, адамдардын жашоо тиричилиги, жүрүм-турум эрежелери, дүйнөгө болгон көз караштары жашаган аймагыбызга ылайыкташып, этникалык мыйзамдар иштелип чыккан. Бул мыйзамдар биз карманып жүргөн каада-салтыбыз, үрп-адатыбыз, колдонуп жүргөн ырым-жырымдарыбыз. Азыркы мезгилде тил маданияты, адептүүлүк эрежелери, башка маданияттардын негизинде өз таасирин жоготуп бара жатат. Өз убагында ушул көйгөйлөрдү эске алуу менен элибиздин нарктуулуктарын, баалуулуктарын сактап калышыбыз керек.

**Нарк жана нарктуулук**- булар: элдик мыйзамдар, элдик конституция, адеп-ахлактык элдик кодекстер болуп саналат. Эл үчүн, улут үчүн, анын ар бир жараны үчүн нарктардан өткөн улуу мыйзам болбойт. Аларды кармануу улуттун ар бир атуулу үчүн милдет жана парыз. Ошондуктан, нарк улуттук идеологиялык маселе катары көрүнөт жана анын негизин ээлейт. **Салт –** «жалпы элдик мүнөздөгү» менталдык эрежелердин системасы, ал өзүнө нарк, каада, элдик үрп-адаттарды камтыйт жана ырым жырымдар менен коштолуп турат [6, 10-б.].

Ырым- жырымдар көпчүлүк элдик майрамдардын коштоосунда аткарылган. Мисалы: “Баланы бешикке салуу” элибиздин салты, бир нече ырымдар менен ишке ашырылат. Баланы бешикке салууда сөзсүз умай энелер жаман азгырык күчтөрдөн бешикти аластап, бала жата турган орун мейкиндикти тазалап арууулашчу. Жаман көздөн, жалган сөздөн сактап баланын чекесине күлдүн көөсү сүйкөлүп, сары майды эки кулагынын үстүнө, бешикке сүйкөп, ушул бала баатыр, эл баккан жигит болсун, оорую-сыркоодон, жаман нерселерден алыс жүрүп, өмүрү узун болсун деген тилектер айтылып, бешикке бөлөнчү [61-б.] Бешикке бөлөп жатыкан байбичелер оозуна боорсок же ширинди тиштеп, сүйлөбөй бөлөшөт, анткени бала ыйлаак болуп калбастыгы үчүн жана берекелүү болуп, дайыма муктаждык сезбей, май көл, сүт көлдө чоңоюшу үчүн. Ал эми С.Рыспаевдин “Кыргыздын улуттук баалуулуктары жана нарктуу түшүнүктөрү” деген китебинде, Кыргыз элинин тыюу, буюруу жана ырым сөздөрү (элдик үлгүлөрдөн) деген бөлүмүндө, жаш балага карата айтылгандар:

– Бешикти куру тербетпейт;

– тили чыга элек баланын кийимин түндө эшикке калтырбайт; деген тыюулар берилген.

Кыргыз этносун таанып билүү үчүн анын колдонуп келген салт-санаасын, жашоо образын, көчмөндүүлүктүн ичине камтылган элдик психологиясын, эл колдонуп жүргөн буюм-тайымдар, манасчылык, төкмөчүлүк, той-аш өткөрүү, маркумду сапарга узатуу

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



сыяктуу улуттук маалыматтар камтылган көрүнүштөрдү азыркы муундарга сиңирүү, улуттун уюткусун сактоо улуу муундун милдети [3,115-б.].

Тарбиянын башаты катарында кыргыз элинде “Эл эмне дейт?” - деген тыюу аң-сезимге сиңип калган. Элдин көз карашына туура келбеген бул тыюу туура эмес жүрүм-турум, кылык-жоруктар менен белгилүү. Мындан сырткары, тыюу, ырым, бата сөздөрү аркылуу да балага акыл, насаат айтуу менен элдик жүрүм-турум адебинин изги салттары сиңирилет [7, 202-б.]. Илгертеден эле ата-бабаларыбыз коомдун көз карашына туура келбеген жорук-жосундардан четтеп, “Эл билсе уят”, “Эл эмне дейт?” деп жазылбаган мыйзамдар менен жашап келишкен.Улуттук стереотип калыптанган. Элибизде көчмөндүктүн коллективдүү образы калыптанган. Көпчүлүктөн бөлүнүп калуу эң катуу жаза катары каралган. Кыргыздын тарбиясы элдин көз карашына туура келген нормада ата-эне тарабынан берилип келген. Элдик тарбия өтө тактыкта, ийне жибине чейин иштелип чыгып, коомдо жашап жаткан ар мүчөсүнө жеткирилгендиги кыргыз элинин улуулугун да бир ирет даңазалайт. Элдин аң-сезиминин коллективдештирилген маданиятын байкоого болот. Ошол “Эл эмне дейт?” деген тыюунун астында жүрүм-турумга гана эмес аң-сезимдин, психиканы өзгөртүүчү тыюуулар да болгон. Балдар үчүн эң сонун үлгү болорлук мааниси терең тарбиялык саптарды мисал келтирсек болот. Көбүнчө тестиер балдар үчүн (6-10): “Кийген кийимиң таза болуш керек, тиги кийимиң менен эл көрсө эмне дейт?”- деп баланы кийим-кечесин таза кийүүгө үндөсө, “Кечкече ал жерде эмне кылып жүрдүң, көргөн эл эмне деди?”- деп ээн баштыгын тыйып келсе, “Ал сөздөрдү уялбай кантип айттың, уккан эл эмне деди?” - деп осол сөздөрдү айтпоого тарбиялашкан. Көбүнчө нарк-насилди макал-лакаптар, каймана сөздөр менен жеткиришкен. Сүйлөө, угуу, унчукпоо, чыдоо, сөздү бөлбөө жана башка коомдо өзүн алып жүрүү эрежелери үй-бүлөдө үйрөтүлгөн [2]. Ар бир улуттун маданиятына таандык болгон дүйнөнү кабылдоо өз эне тили аркылуу жүргөндүктөн, ата-эненин ар бир жасаган кыймылы, сөзү бала үчүн тарбия болуп саналган. Элибизде балдарды эч убакта уруп тарбиялаган эмес. Макалдар менен, каймана сөздөр менен, тыюулар менен тарбиялап келишкен. Кыз-келиндер эркектердин алдынан кыя өтпөгөн, “Карыялардын жолун кеспегиле, жолуңар кесилип калат. Карыларды капа кылбагыла, назарынан калба, карыны какпагыла, ырыс-кешиктен кагыласыңар,”дешчү. Ошол себептүү карыларды сыйлоо наркы калыптанып, карысы бар үйдө кут бар дешип, жаш-карысына дейре аксакалдын алдын тосуп, жолун кескенди нарк билбес деп айыпташкан.

Ошентип эл тарбиясы бардык тарбиянын башаты катары жазылбаган мыйзамдар менен бекилип, улуттук аң-сезим калыптанган, андан улуттун мүнөзү келип чыккан. Демек кыргыз улутундагы тыюулар элдин мүнөзүндө чагылып, туулгандан тарта эле балдар намыскөй, тарбиялуу, патриот болуп чоңоюшкан.

Жаратылыштагы ар кандай көрүнүштөрдү туура чечмелеп берүү менен жаш муундарды жаратылышты сүйүүгө, коргоого үндөп отурушкан. Жер-суунун, тоо-таштын, жан-жаныбардын убал-сообун балага кичинесинен тартып үйрөтүлгөн. Ошентип улуттук менталитетибизде ыйыктык түшүнүгү калыптанган. Ыйык деп саналган нерселерди элибизде көздүн карегиндей сактап, ыйык делген нерселерди кор тутса, кырсыгып калат деп ишенишкен. Ошону менен бирге эле ыйык болгон нерселер сыйкыр күчкө ээ болот дешип, ооруу-сыркоону айыктырууда, үмүт-тилектердин аткарылышында ырымдарды жасап келишкен. Айрыкча ата-бабаларыбыздан келе жаткан жакшы нарк бар, ал “сууну кор тутпоо”. Кээ бир кесирлүү адамдар ачык сууга булганыч нерселерди таштап, самынданып жуунуп, сууга ар кандай ыплас нерселерди төгүп, сууну булгап жаткандыгына анчалык маани бере беришпейт. Мына ушундай терс көрүнүштөрдүн алдын алуу максатында элибизде: “Суу кордогон кор болоор, суу сыйлаган зор болоор” - деген накыл айтылган. Сууну элибиз ыйык тутуу менен, оору-сыркоолорду айыктырууда, каалоолордун аткарылышында колдонушуп, суу менен жасалган ырымдарды азыркыга чейин ата-бабаларыбыздан калган салт катары пайдаланып келишет. Мисал катары: суу айлантып чачуу, суу менен апаптоо, учуктоо, суу менен дубаны жандыруу, көргөн түштү сууга айтуу ж.б

Суу маалымат ташуучу каражат экендигин азыр илим көп жактан далилдеди. Ал эми ата-бабадан калган сууну ыйык тутуу,сууну байлык катары баалоо бул тажрыйбалардын да туура экендигин адистер да белгилешет. Демек, суу баарын жууп кетирген, ойду оңдогон, оору-сыркоодон дары катары колдонулган, денени тазалаган, кишинин акыл-эсин тундурган ажайып күчкө ээ. Азыркы учурда психология илиминде деле адам чарчап-чаалыккан мезгилде агын суунун боюна барып, суунун агымын тиктеп отуруу, шаркырап аккан суунун үнүн тыңшоо менен стресстен, депрессиядан чыгууга мүмкунчүлүк ала турганын көп эле жолу далилдеди. Ал эми азыркы убакта таза суу көйгөйү глобалдык көйгөй экенин эске алуу менен, сууну ысырапкорчулук менен пайдаланбоо, түбөлүк тоң болуп сакталып турган мөңгүлөрүбүздү сактоо иретинде элибиздин “суу-ыйык” түшүнүгүн келечек муундун аң сезимине сиңирүү биздин негизги милдетибиз деп эсептейбиз.

Кыргыз элиндеги ырымдардын бири баш кийимди- айрыкча ыйык кийим катары саналышы. Баш кийимин алмаштырып ийүүнү да ата-бабаларыбыз чоң ката деп билишкен. Ал эми С.Рыспаевдин “Кыргыздын улуттук баалуулуктары жана нарктуу түшүнүктөрү” деген китебинде: Кийим кечеге байланыштуу

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



айтылгандар:

– Баш кийимди тегеретип ойнобойт;
– баш кийимин сатпайт;
– баш кийимин бирөөгө белекке бербейт; деген

тыюуларды кезиктиребиз. Бүгүнкү күндө баш кийимге болгон мамиле алда канча өзгөргөн, жана мындай ырымдарга азыр кары-картаңдар эле маани бербесе жаштар эсине да албайт. Эшигибизди аттап кирген меймандын баарына баш кийим тартуу кылабыз. Мындай терс көрүнүштөргө ээ болгон жүрүм-турумду башкарууга байланыштуу, кийим-кечеге, үй-тиричилигине байланыштуу жасалган ырым-жырымдар адамды тазалыкка, ыймандуулукка, маданияттуулукка үйрөтүү үчүн колдонулган психология болуп эсептелет.

Кыргыз элинде ар бир адамдын турмушу, дайыма элдик салттардын катышуусунда өтүп келген. Элдик салттар болсо балдарды коомдо жашоого, социалдык нормаларды жана эрежелерди тутунууга, эмгектенүүгө, жоопкерчилик сезимине ж.б. тарбиялап, балдардын турмушта өз ордун табуусуна жардам берген. Сөзүбүздүн акырында төмөнкүдөй жыйынтык чыгарсак болот:

Мектеп программасын улуттук менталитетти азыркы жаңы технологиялар менен айкалыштырып, түзүп чыгуу, кенже мектеп курагынан тарта эле нарк-насилдик сапаттарды калыптандырууда каада-салттар, үрп адаттар камтылган атайын сааттарды предмет катары киргизүүнү сунуштамакчыбыз.

**Адабияттар:**


1. Анарбек уулу Атай. Кыргыз дүйнө таанымы. Элдик билимдер. 19 март 2021.
2. Досалиева. М. Личносттун калыптанышында кыргыз элдик каада-салттардын ролу. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. №6, 2022.
3. Закиров.А ,Мурзаев.М. Этнопсихология. - Ош, 2015. 115-б.
4. Коңурбаев Т.А. Формирование ценностных ориентаций у старших дошкольников на основе кыргызских народных традиций. [Текст]: дис. … канд. псих. наук: 19.00.03 / Т.А. Коңурбаев. - Ташкент, 1999. - 143- б.
5. Орозалиев Э.С, Мусаева Н.К., Тентигенова А.И. Кыргыз элинин психологиялык ойлорунун өнүгүүсү. - Бишкек, 2017. - 61-б
6. Рысбаев С. Кыргыздын улуттук баалуулуктары жана нарктуу түшүнүктөрү. - Бишкек, 2021.
7. Рысбаев С. Кыргыз элинин педагогикалык ойлорунун антологиясы. - Бишкек, 2021.
8. Качкынчиева А.Ж., Талайбекова Б.Т. Ценности кыргызского народа. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 6. - С. 190-195.